# Исхак Раззаков унутуп калчу адам эмес эле



***Күмүш Суранова быйыл 85 жашка толду. Күмүш апа колхоздун башкармасынын төрайымы, айылдык кеңештин төрайымы, райондук аткаруу комитетинин төрайымы болуп чарбалык жана советтик иштерде эмгектенген. СССР Жогорку Советине, Кыргыз ССР Жогорку Советине бир нече жолу депутат болуп шайланган. Убагында улуу инсан Исхак Раззаков менен бир нече ирет жолугушкан экен. Күмүш апа Исхак Раззаков менен болгон жолугушуусун жана баарлашуусун, андан алган таасирин төмөнкүчө баяндап берди.***

1950-жыл. Мен Он-Арча селолук советте төрайым, Ленин орденинин кавалери Байсабаев Жузай Коммунизм колхозунун башкармасы эле. Башкарманын конторасы айылдагы узун көчөнүн боюнда болчу.

Ар кимибиз өз ишибиз менен алек болуп отурган мезгилде биздин чарбага БКнын биринчи катчысы келет деген кабар желдей тарады. Анан эле Раззаков келди деген кабар болду. Райкомдун биринчи катчысы Шадыманов, райондук ички иштер бөлүмүнүн башчысы полковник Усупбеков, райондук даярдоо конторасынын жетекчиси Төрөбаевдер келди деп угуп калдык. Ал учурда айылдык кеңештин жетекчилерине облассттык, республикалык жетекчилер көп деле көңүл бурчу эмес. "Сизди башкарманын конторуна чакырып жатат. БКнын биринчи катчысы Раззаков келди"-деди. Эмне дээр экен деп жүрөксүп бардым. Аябай кичи пейил, жадыраган, сүйкүмдүү жүзүнөн нур тамылжыган адам экен. Иштердин абалын, өзүбүздү сурап бат эле өзүнө тартып алгандай болду. Көп ой-пикирлерди ортого салдык. Аңгыча болбой Он-Арча айылдык кеңешинин конторунун терезесин бир адам койгулап калды. Терезеден көрүп:

-Жолдош Суранова, келатсак айылдын аягынан бир мас, машинага уруна жаздап, биз токтобой өтүп кеттик эле. Ошол адам сиздин конторduн терезесине колун ургулап жатат. Акырын бир жерге эс алдырып койгулачы,-деди. Көргөндөр биздин айылдык эмес, Жданов колхозунун тургуну дешти. Ал сөзгө мен да кошулдум. Ким болсо ал болсун. Баары бир адам да. Бир жерге эс алдырып койгула. Суранова сизге тапшырма,-деди. Мен барып колхоздун кассири Баякунов Асанга жакшылап бир жерге эс алдырып жаткырып кой деп зэрчитип жибердим. Башка киши болсо "жоготкула" деп оңурандабайт беле. Ушул сөздүн өзү эле Раззаковдун бийик адамгерчилигинин күбөсү эмеспи. Мен да өзүмдүн осол сүйлөп алганыма өкүндүм. Анан ар кимибиз өз иш мекемелерге кеттик. Конокторду башкарма Байсабаев үйүнө зэрчитип барып чай ичип отурган кезде:

-Жолдош Байсабаев, айылдык төраганы чакыр. Биз менен отурсун,-дептир, мени чакырып келди. Мен барсам күлүп:

-Бул айылдын ээси сиз болосуз. Эмне үчүн кетип калдыңыз?-деп иш абалын сурап, башкарма сизге кандай көңүл бурат деп калды. Мен "бардык бийлик советтерде" дегендей, башкармалардын көз карашы сиздерге байланыштуу эмеспи десем көпкө ойлонуп, күлүмсүрөп: "Ошондойбу? Жолдош Шадыманов, айылдык кеңешке көңүлдү өзгөчө бургула"-деп тамашалап башка сөзгө өттү. Алдыга тамак келди, кыздын кырк чачы улуу алыңыз деп калды. Сиз алыстан келген меймансыздар, силер алгыла,-дедим. Тамак желип эшикке узатаарда район жетекчилери машинадан "Аксай-Арпа" жайлоолорунан алдырган аркар, кулжа этинен алып Раззаковдун машинасына салганы жатышканда Раззаков басып келип:

- Сурановага бергиле,-деди. Тигилер биякта да бар, ал кишинин үйүнө беребиз дешти. Өзү келип мени машинасына отургузуп алып көчөнүн аягындагы үйдүн жанына токтотуп шоферго киргизип бергиле деп өзү карап турду. Мен көргөн көзүмө ишене бербей, ушундай да жөнөкөй, ийкемдүү биринчи катчы болобу деген суроону өзүмө берген бойдон кала бердим.

Экинчи жолу, мен республикалык партиялык мектептин даярдоо курсуна өтүп, окуганы үй-бүлөм, кайненем, жолдошум, балдарым менен көчүп келип квартирага туруп калдык. Ленин көчөсүндөгү, бир өзбек байбиченин үйүндө жашадык. Анда мен 25 жаш куурактамын, жолдошум Данияр:

-Сен Раззаковго кирип, абалыңды түшүндүр. Эки жылдыгынан эле окуюн деп айтып көр,-дегенинен кирип секретарьга катталып күтүп отурсам: -кириңиз"-деди. Элетте өскөн жаным апкаарып, эмне дээр экен деп ойлодум. Аябаган чоң, жаркыраган залдан эшик ачылаары менен басып келип кол алышып, алжай сурап, орундукту көрсөтүп отура гой, эмне максат менен келсең тартынбай айт деди. Мен: "Агай, мен партиялык мектепке келдим. Даярдоо курсуна өттүм. Билимим 7-класс, 10-классты сырттан окуп бүткөрдүм",-десем: "Башталгыч классты бүткөнүңө канча болду?"-деди. Сегиз жыл десем: "Ойлонуп көрүңүзчү. Даярдоо деген ошол 7-класстагы билимди эске салып кайталайт. Эки жылдыкты окусаң өзүңдүн кругозоруң өсөрүнө өбөлгө түзөт эле"-деп айтты. Анда мен агай эшикте менин жолдошум бар, ага кеңешейинчи десем жылмайып узатып калды. Айткандай эшикте күтүп турган жолдошума айтсам. Туура айтыптыр, бир жылдын арысы кайсы, бериси кайсы деп макул болуп, кайра барган жокпуз.

1951-жылы Москвага СССР Жогорку Советинин сессиясына поезд менен 7 суткада жеттик. Жумшак вагондо термелип, бир купеде З.Кайназарова, Четинова, Кудайбергенова, Волкова төртөөбүз жатабыз. Зуракан эже кой мен Раззаковго, Кулатовго, барып казы-карта жеп келем деп кетет. Бир учурда келет, бизге устукан алып келип, жегиле чоңдордун кешиги таттуу болот деп тамашалайт. Москвага барганда вокзалдан эле бизди мейманканага барасыңар деп бөлүп алып жөнөдү. Эртеси каттоодон өтүп, эки палатанын сессиясы эки бөлөк өтүп, анан кошмо отурум болгондо Сталин сессияга келет экен деген сөздөр айтылып калды. Ар бир республикадан келген депутаттардын орду жазылып көрсөтүлгөн. Бир маалда Сталин келди деп залда дүркүрөгөн кол чабуулар болуп калды. Президиумдун катарын карап Сталинди көрө албай, жанымдагы кишиден Сталин кайда отурат деп сурасам, президиумдун катарында эмес, Молотов, Ворошиловдун артында отурат деди. Такыр көрө албай койдум.

Танапис болгондо чуркап эле биздин республиканын жетекчилерине учурашкандай учурашат экен деп төмөн түшүп бардым. Чоңдор тамак иччү кафеге кирип, орусча билбейм, бир жумуртка алып, аарчып жеп, эми кайра кантип табам деп ойлонуп калдым. Аңгыча бурч жакта биздин жетекчилер отурат, көрүп сүйүнүп кеттим. Алар Сүйөркулов, Раззаков, Иманалиевдер экен. Раззаков: "Эй кызым, кайдан?" дегенде: "Агай, мен Сталинге учурашайын деп адашып калдым", десем: "Чисто сердечно" деп күлүп: "Сталин отурган жеринен лифт менен кетет. Сен биздей көргөн чыгарсың",-деп жыйналыш өтчү залга жеткирди.

1967-жылы Чехословакиянын Корлонбара курортунда эс алып кайра келатып Москвада госпланда иштеген Раззаковго учурашайын деп дарегин алдым. Контору мурдагыдай заңгыраган зал эмес, бир узун бөлмө экен. Анда беш-алты киши болуп отурушуптур. Төр жагынан мени көрө койгон И.Раззаков "Моя землячка" деп алдымды тосо жаркырап учурашты. "Мен суу чарба министрине кирейин дедим эле. "Кош дөбө" участкасынан суу чыгарууга жардам болобу деп сизге кеңешейин деп келдим"-десем, элчи Турсуновго телефон чалып: "Сурановaнын суроо-талаптарына жардамдаш"- деп айтты. Бир топ жардам алдым.

1970-жылы Жалал-Абад курортунда эс алып "Кыз-Булактан" суу ичип келатсам, Раззаков жанында мурда жогорку сот болуп иштеген Чотоев, Москвада өзүнүн инструктору болуп иштеген Эрик менен жүргөн экен. Кыргыз жетекчилерине ыракмат, алдына машинасын берип, жакшы адамды кошуп бериштиптир. Эл кыдырып учурашып жүргөн экен. Элди, туулган жерди көрүп жүрөбүз деп менден көргөн-билген жетекчилерди сураганча, эл курчоого алып калды. Саламат болуңуз деп коштошуп калып калдым. Ошол ак кызматын элге арнаган жетекчиге акыркы жолугушуум болду.

**Ж.ДЫЙКАНОВА,**
**"Эркин Тоо"**